**«Бекитемин»**
**Ж.Баласагын атындагы КУУнун ректору, профессор**
**_____________Адамкулова Ч.У.**
**«___» февраль 2017-ж.**

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институту, К. Карасаеватындагы Бишкек гуманитардык университети жана Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин алдындагы философия илимдери боюнча докторлук (кандидаттык) диссертацияларды жана маданияттаануу боюнча кандидаттык диссертацияларды коргоочу Д.09.16.534 Диссертациялык кеңешине философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн көрсөтүлгөн Калмаматова Замира Абдырахмановнанын 09.00.11 - социалдык философия адистиги боюнча жазылган **«Ааламдашуу шарттарында кыргыздардын этномаданиятындагы маргиналдуулук феномени»** аттуу кандидаттык диссертациясына жетектөөчү илимий мекеменин берген

**ПИКИРИ**

**Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин социалдык-гуманитардык илимдер факультетинин философия жана илимдин методологиясы кафедрасынын 2017-жылдын 7-февралындагы кеңешмесинин № 13-протоколунун**

## ЖЫЙЫНТЫГЫ

**Катышкандар:**

Артыкбаев М.Т.-философия илимдеринин доктору, профессор;

Омурова Т.О.-философия илимдеринин кандидаты,профессор;

Джаныбаева Р.М.-философия илимдерининкандидаты,профессор;

Нусупов Ч.Т.-.-философия илимдерининкандидаты,профессордун м.а.;

Асанбеков Н.К.– философия илимдеринин кандидаты, доцент;

Ибраев К. Ш.– философия илимдеринин кандидаты, профессордун м.а.

Сааданбекова Ч.И.– философия илимдеринин кандидаты, доцент;

Абдылдаева Т.Ч.-философия илимдеринин кандидаты, доцент;

Осмонова Д.А.-философия илимдеринин кандидаты, доцент;

Шаршеналиев У.А.– философия илимдеринин кандидаты, доцент;

Турукманов К.Т. – улук окутуучу;

Апсаматова Э.Д.– философия илимдеринин кандидаты, улук окутуучу;

Имангожоев Т.А.– улук окутуучу;

Качкынова А.Т.– улук окутуучу,

Урумкулова Н.Т.-окутуучу, катчы;

**Күн тартиби**:

ОШмамлекеттик университетинин изденүүчүсү Калмаматова Замира Абдырахмановнанын 09.00.11. – социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасы үчүн изилденип жазылган " Ааламдашуу шарттарында кыргыздардын этномаданиятындагы маргиналдуулук феномени" аттуу темадагы диссертациясын талкуулоо.

**Чыгып суйлөшту:**

**Ибраев К.Ш.:** Урматтуу кесиптештер! Биздин кезектеги жыйыныбызда

ОшМамлекеттик университетинин изденүүчүсү Калмаматова Замира Абдырахмановнанын 09.00.11. – социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасы үчүн изилденип жазылган " Ааламдашуу шарттарында кыргыздардын этномаданиятындагы маргиналдуулук феномени" аттуу диссертациялык иши талкууга коюлуп жатат. Илимий жетекчиси философия илимдеринин доктору Утуров Кытайбек Утурович, расмий оппоненттери: философия илимдеринин доктору, профессор Мукасов Ысманалы Мукасович, философия илимдеринин кандидаты, доцент Искендерова Акылай Кубатбековна.

Изденүүчү жөнүндөгү маалыматтар боюнча суроолор барбы? Жок болсо изденүүчүгө сөзберсек. Диссертант, сизге регламент боюнча он мүнот убакыт берилет.

**ИзденүүчүКалмаматова З.А.:** Саламатсыздарбы, урматтуу жыйындын торайымы, агайлар, эжекелер жана катышуучулар. Талкууга коюлуп жаткан диссертация философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн 09.00.11. - социалдык философия адистиги боюнча жазылып, " Ааламдашуу шарттарында кыргыздардын этномаданиятындагы маргиналдуулук феномени" деп аталат.

**Изилдөөнүн актуалдуулугу**. Этномаданияттагы маргиналдуулук проблемасы Көз каранды эмес Мамлекеттердин Шериктештиги (КМШ) үчүн озгөчө маанилүү. Анткени, биринчиден, СССР кулагандан кийин миллиондогон адамдар өздөрүнүн этноулуттук түзүмү жайгашкан аймактардан сырткары жерлерде калып, өз укуктары жетишээрлик деңгээлде корголбогон этникалык азчылыктарга айланган. Мындай жагдайда этномаданий маргиналдардын проблемасын изилдөө алардын жүрүм-турумун түшүнүү жана прогноздоо, о.э. ылайыктуу саясатты иштеп чыгуу үчүн пайдалуу боло алат. Жакын чет мамлекеттердеги этникалык азчылыктардын көп сандаган топторунун болушу КМШ өлколорүнүн өз ара алакаларындагы жана алардын айрымдарынын ички саясатындагы

чыңалуунун туруктуу түрдө жана кооптуу маанайда өсүшүнө булак болуп калуусу толук ыктымал. Мындай шарттарда жаңы этникалык азчылыктардын, ири алдыда, КМШ өлкөлөрүндө эмгек мигранты болуп жүргөн кыргыздар жаңы башкаруу күчтөрүнүн саясий оюндарында барымтага же курмандыкка айланып кетүүсү толук мүмкүн. Же болбосо, этникалык азчылыктар КМШ ичиндеги мамилелерди стабилдештирүүгө мүмкүндүк берген интеграциялык элементке айлана алышат. Экинчиден, мурунку СССРге кирген мамлекеттердеги жалпы социалдык-экономикалык жана социалдык-саясий жагдайлардын начарлашы, калктын жашоо-тиричилигинин деңгээлинин этностор ортосундагы жаңжалдар жана кылмыштуулуктун өсүшүнө байланыштуу төмөндөшү постсоветтик жарандардын эмиграциясынын ири агымынын болушун шарттаган. Берилген диссертациялык иште дал ушул адамдардын жашоо-тиричилигинде пайда болгон айрым бир өзөктүү проблемалар каралды.

**Изилдөөнүн объектиси** болуп ааламдашуу шарттарындагы кыргыздардын этномаданиятындагы маргиналдуулук феномени эсептелет.

**Изилдөөнүн предмети** - заманбап доордун антропологиялык жана маданий феномени катары кыргыздардын этномаданиятындагы маргиналдуулуктун объективдүү жана субъективдүү себептери, озгочолуктору

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Берилген иштин негизги ***максаты*** болуп ааламдашуу шарттарында кыргыздардын этномаданиятындагы маргиналдуулуктун мацыздуу социалдык-философиялык мүнөздөмөлөрү менен анын конкреттүү көрүнүштөрүн аныктоо эсептелет. Изилдөөнүн жүрүшүндө маргиналдуулук проблемасын изилдөөдөгү социалдык-философиялык жобону негиздөөгө жана онүктүрүүгө аракеттер жасалды. Мындан сырткары, автор тарабынан бул жобо айрым бир мамлекеттин чегиндеги жана мамлекеттер ортосундагы ар кыл этномаданий түзүмдөрдүн оз ара алакасынын коп жактуу процесси катары чечмеленди.

Белгиленген максатка ылайык иштин төмөнкү **милдеттери** аныкталды:

- Этномаданий маргиналдуулук проблемасынын калыптанган салттуу ыкмаларына жалпы талдоо жүргүзүү;
- Этномаданий маргиналдуулуктун маныздык типологиялык белгилерин аныктоо жана анын маданий функцияларын ачып берүү;
- Маргиналдуулук феноменинин этномаданий нормага болгон алакасын ачып берүү жана девианттуулук жана аномия түшүнүктөрүнө жакындаштыруу;
- Маргиналдык новациялардын кыргыздардын этномаданиятына тийгизген таасиринин конструктивдүү жана деструктивдүү мүнөзүн көрсотүү;
- Массалык коомдун өнүгүүсүнүн мезгилиндеги маргиналдуулуктун ааламдашуу процессинин мыйзам ченемдүүлүгүн негиздөө;
- Эгемендүү Кыргызстандын маданиятындагы маргиналдуулуктун өнүгүшүнүн аксиологиялык маанисин (тенденцияларын) ачып берүү.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы.** Кыргыз Республикасында кыргыздардын этномаданиятындагы маргиналдуулук феноменине арналган комплекстүү философиялык изилдөө жүргүзүлгөн эмес. Диссертациялык иште системалуу формада маргиналдуулук феноменине социалдык-философиялык анализ жүргүзүү анын калыптануусунун, өнүгүүсүнүн жана функцияланышуусунун өзгочөлүктөрүн ачып берүү аракети көрүлгөн.

- Маргиналдуулук түшүнүгүн пайдалануу чектери такталды; социалдык, статустук-ролдук жана этномаданий маргиналдуулук түшүнүктору бири биринен айырмаланды.
- "Маргиналдуу инсан", "маданияттар ортосундагы өз ара алака", "этникалык маданият", "аномия", "ассимиляция", " этномаргинал" терминдеринин категориалдык- түшүнүк аппараты такталды. Мында маргиналдуу инсан инсандын өзгөчө тиби, маданий гибрид, эки ар башка элдин маданияттары менен каада-салттарынын ортосунда чалынып, аң-

сезиминин дуализми (эрежелери менен кабыл алууларынын кош маанайы), так кесе аныкталган маданий параметрлеринин жоктугу, пикирлери менен иш-аракеттеринин туруксуздугу жана карама каршылыктуулугу менен мүнөздөлгөн адам катары каралды.

- Диссертацияда маргиналдуулук феноменинин этномаданий нормага болгон алакасы ачылып берилди жана маргиналдуу субъект адеп аномиялуу же девианттуу экендиги, бирок андан кийин ал нормага ыңгайлаша алаары көрсөтүлдү.

- Кыргыздардын этномаданиятынын өнүгүүсүндө конструктивдүү жана деструктивдүү функцияларды аткаруучу маргиналдык новациялардын революциялык мүнөзү ачылып берилди.

- Этномаданий маргиналдуулук феномени туруктуулук (статика) менен өзгөрмөлүүлүктүн (динамика) биримдиги катары ачылып берилди. Динамикалуулуктун көз карашында этномаданий маргиналдуулук субъекттин (топтун, жамааттын) бир маданий-тилдик чөйродөн экинчисине өтүү процесси катары аныкталды. Этномаданий маргиналдуулукту статикалык өңүттө изилдөө аркылуу анын субъектисинин маңыздуу касиеттерин аныктоо аракеттери жасалды.

Изилдөөнүн теориялык жана практикалык маанисиболуп анын негизги жоболору менен корутундулары маданияттын, инсандын социалдык-философиялык теорияларын, о.э. дүйнөлүк саясий процесстин теорияларын андан ары иштеп чыгуу ишинде пайдалануу мүмкүндүгү эсептелет. О.э. диссертациянын материалдары маданияттар аралык жана этностор аралык мамилелердин чөйрөсүндөгү бышып жетилип, чечилүүнү күтүп жаткан көйгөйлөрдүү чечүү ишинде практикалык сунуштарды иштеп чыгуу үчүн да пайдаланыла алат. Жүргүзүлгон изилдөөнүн жалпы мазмунун аныктаган теориялык жоболор социалдык философия, социология, саясат таануу (политология) жана маданият таануу (культурология), дүйнөлүк саясий процесстин теориялары, о.э. этностун теориясы жана инсандын теориясы

менен байланышкан атайы курстар боюнча дарс окуу, окуу куралдарын даярдоо ишинде пайдаланыла алат.

Маргиналдуулукка болгон социалдык-философиялык анализдин натыйжасында коргоого төмөнкү жоболор сунуш кылынат:

1. Ар бир этноулуттук маданият географиялык, тарыхый, технологиялык жана турмуш-тиричилик сыяктуу спецификалуу чөйрөлөрдө калыптануу менен өз тилин, маданий коддорун, дүйнө көрүмүн, өзүнө гана таандык дүйнө элесин (картина мира) иштеп чыгат.

2. Маданияттар аралык өз ара алаканын тогуз жолдун тоомундагы, же фокусундагы индивиддин (топтун, жамааттын) абалын мүнөздөгөн маргиналдуулук түшүнүгү алгачкы жолу XX кылымдын биринчи жарымында америкалык социалдык илимде европалык эмес дүйнөгө таандык инсанды туюнтуу максатында пайда болгон.

3. Колдо болгон илимий адабияттын анализи төмөнкүдөй эки корутунду жасоого мүмкүндүк берет. Биринчиси, советтик изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде бир катар баалуу байкоолор кездешет, маанилүү көлөмдөгү тарыхый-политологиялык материал жалпыланган, бирок, теориялык жактан маргиналдуулук жана маргиналдуу инсан түшүнүктөрү, о.э. этномаданий маргиналдуулук феномени жетишээрлик иштелип чыккан эмес. Экинчи корутунду КМШ аймагы менен ата мекендик илимий адабияттагы маргиналдуулук феноменин изилдөө тажрыйбасы анча чоң эмес, о.э. изилдөөнүн объектисинин татаалдыгы менен көп кырдуулугу бул кубулушту социалдык-философиялык өңүттө изилдөө зарылдыгын жаратат.

4. Ааламдашуунун заманбап шарттарында этникалык, же этномаданий маргиналдуулук салттуу маданияттардын этникалык спецификалары менен кагылышкан Батыштын унификацияланган урбанисттик (латынчадан urbanus – шаардык) маданиятынын экспансиясы менен тыгыз байланышкан. Кыргыз этномаданиятынын шарттарында мындай кубулуш СССРдин орусташтыруу жана орусташтыруу саясатынын формасында көрүнгөн.

5.Ар кыл объективдүү жана субъективдүү факторлордун таасири астында кыргыздар XX жана XXI кылымдарда ири масштабдагы миграциянын таасирине чалдыгып, дүйнө өлкөлөрүнө чачырап, дисперсия жана диаспора формасында өнүгүүгө мажбур болгон. Этномаданият проблемалары боюнча илимий адабияттын анализи көрсөткөндөй, кыргыздар дүйнөдөгү эң байыркы этностордун бири болуп саналганы менен алардын дисперстүүлүгү менен диаспоралдуулугунун классикалык маселелерин изилдеген эмгектер азырынча жокко эсе .

**Киришүүдө** илимий ишке жалпы мүнөздөмө берилип, иликтөөгө алынган проблеманын актуалдуулугу, максаты жана милдеттери, илимий жаңылыгы, теориялык-практикалык мааниси, коргоого алынып чыгарылган негизги жоболор, апробацияланышы, структурасы жана көлөмү көрсөтүлдү.

**«Проблеманы изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздери»** деп аталган **биринчи бапта** этномаданий маргиналдуулук феноменин илимий анализдөөнүн олуттуу өңүттөрү, айтсак, этномаданий маргиналдуулук менен аны шарттаган факторлорду илимий анализге тарткан адабиятка кыскача обзор берилди, о.э. этномаданий жана социомаданий маргиналдуулуктун цивилизациялык системалардагы ролуконцептуалдык рефлексиянын деңгээлинде анализденди.

**«Этномаданий маргиналдуулукту анализдөөнүн социалдык-эпистемологиялык ыкмалары»** деп аталган биринчи параграфта аталган проблеманы окуп-үйрөнүүдө базалык маалыматтар катары ар кыл мүнөздөгү концепциялар, булактар, фактылар, документтер кеңири пайдаланылды.

Дүйнөлүк маданияттар адамзаттын жалпы мурасындагы биримдиктүү бүтүндүктү түзгөндүктөн, айрым элдердин маданий өз алдынчалуулугу коомдук жаңылануу менен башка элдердин каада-салттары, баалуулуктары менен болгон алаканын натыйжасында жаңыланып жана анын мазмуну уламдан улам байып турат. Маданият ар кандай элдердин ортосундагы диалог, ойлом менен тажрыйба алмашуу, башкалардын каада-салты менен баалуулуктарын өздөштүрүү болуп саналат да, туш тараптан корулган

(изоляцияланган) шартта ал алдан-күчтөн тайып, акырындык менен өлүп жок болот.

**«Этномаданий маргиналдуулуктун маңызы жана мазмуну»** деп аталган экинчи параграфта дүйнөлүк масштабдагы ааламдашуу мезгилиндеги этномаданий жана социомаданий маргиналдуулуктун концепциялык мазмуну аныкталып, алардын айрым өлкөлөрдүн, айтсак, постсоветтик Борбор Азия мамлекеттери менен Кыргызстандын маданиятына олуттуу деңгээлде таасир тийгизүү мүмкүндүктөрүнө ээ экендиги тууралуу соз козголду.

Дал ушундай этномаданий, экономикалык жана табигый процесстер кездешкен чекте этностор, улуттар, цивилизациялар сыяктуу келечекте жаралуучу социомаданий системалардын маргиналдуу чойрөлору, областтары, локалдуу моделдери калыптанат.

**«Маргиналдуулуктун этноцивилизациялык негиздери»** деп аталган үчүнчү параграфта Борбор Азиядагы эң байыркы элдердин бири болуп саналган кыргыздардын этномаданияты менен кочмөн цивилизациясынын чегинде маргиналдуулуктун айрым элементтеринин калыптануу жана онүгүү детерминанттары концептуалдуу изилдөөго алынды.

**«Кыргыздардын маданиятындагы маргиналдуулуктун болмушу»** деп аталган экинчи бапта кыргыздардын этномаданиятындагы орусташтыруу процесстери менен байланышкан неотиптердин калыптануу жана көрүнүү озгөчолүкторү *илимий анализден* өткөрүлдү, ааламдашуу шартында кыргыз этномаданиятындагы кескин трансформациялар, о.э. эмгек миграциясы менен кыргыз диаспорасынын тарыхый тажрыйбалары жана алардын этномаданият үчүн мааниси илимий маанайда экспликацияланды.

**«Этномаданияттагы маргиналдуулуктун функциялануу формалары»** деп аталган биринчи параграфта дээрлик 150-200 жыл бою жалпы тарыхка ээ болуп жашаган кыргыздар менен орустардын ортосундагы оз ара маданий алакалардын маргиналдуулук феноменинин айрым формаларынын пайда болушуна тийгизген таасири илимий анализге тартылды.

**“Ааламдашуунун контекстинде маргиналдуулуктагы салттуулук менен инновациялардын байланышы”** деп аталган экинчи параграфта ааламдашуунун концептуалдык негиздери менен максаттары, алардын кыргыз этномаданиятына тийгизген айрым көйгөйлүү кесепеттерин аныктоого жана иликтөөгө аракеттер жасалды.

**“Эгемендүү Кыргызстандын маданиятындагы маргиналдуулуктун өнүгүшүнүн аксиологиялык мааниси (тенденциялары)”**деп аталган үчүнчү параграфта салттуу деп аталган мамлекеттерди учурга ыңгайлаштыруунун мисалында Кыргызстандан дүйнөнүн ар кайсы олколорүнө эмгек мигранты катары кеткен жарандар менен кыргыз диаспораларынын кээ бир маселелерин иликтөөгө жана алардын келечегине карай прогноздорду берүү аракеттери жасалды.

**Корутундуда** диссертациялык изилдөөнүн негизги натыйжалары жана жалпы жыйынтыктары көрсөтүлгөн.

Урматтуу агайлар, эжекелер, сиздердин талкууңуздарга койгон диссертациялык ишим боюнчаөөз пикириңиздерди, коз карашыңыздарды айтып, аны ачык коргоого сунуштап берүүңүздордү суранам. Коңул бурганыныздар учун рахмат!

**Ибраев К.Ш.:** Урматтуу кесиптештер биз изденүүчүнүн диссертациялык изилдөөлөрүнүн негизги жоболору боюнча жасаган баяндамасына күбө болдук. Эми кезекти диссертациялык ишти окуп чыккан, окумуштуу агайлардын, окутуучулардын изденүүчүго бериле турган суроолоруна көнүл бурсак, кана кимде кандай суроолор бар?

**Сааданбекова Ч.И.:** ***Маргиналдуулук боюнча кайсы булактарга кайрылдыңыз?***

**Изденүүчү:** Советтик илимий адабиятта маргиналдуулук ("маргиналдуу адам", "маданияттар чегиндеги инсан") түшүнүгүн алгачкы жолу америкалык социологиялык концепцияларды сынга алган В. П. Тугаринов пайдаланган. Маргиналдуу инсандын кеңири мүнөздөмөсү маданияттардын оз ара алакасынын Батыш концепцияларын анализге тарткан

С. Н. Артановский тарабынан берилген 1960-1980-жылдары советтик илимий адабиятта маргиналдуулук проблемасы жалпы жонунан:

1) коомдук өнүгүүнүн буржуазиялык концепцияларын сындоонун,

2) капиталисттик же эркиндикке чыккан өлкөлөрдүн социалдык-таптык структурасын изилдөөнүн,

3) "үчүнчү дүйнөнүн" өлкөлөрүндөгү модернизация процесстерин анализдөөнүн,

4) социализмдин дүйнөлүк системасына кирбеген мамлекеттердеги этностор аралык мамилелерди иликтөөнүн негизинде изилденген.

Бирок, XX кылымдын 80-жылдардын экинчи жарымынан тартып коомдук өнүгүүдөгү маргиналдуулук проблемасы Н. В. Андреенкова, В. И. Ильин, Е. Н. Стариков, С. А. Арутюнов, А. А. Галкин, К. Г.Мяло, М. И. Семиряга, Т.В.Таболина сыяктуу изилдөөчүлөр тарабынан активдүү иликтене баштайт. Жогоруда аттары аталган жана башка авторлордун эмгектеринен пайдаландым.

***Биздин Кыргызстанда кайсы илимпоздор бул маселени изилдешкен?***

**Изденүүчү:** Акыркы 20 жыл ичинде ата мекендик гуманитаристика этностун, улуттун (нация), элдин этномаданий жана характерологиялык өзгөчөлүктөрүнүн анализи менен байланышкан ар кыл жана көп кырдуу маселелерди интенсивдүү изилдөө үстүндө. Өзүнүн мазмуну да, формасы да жагынан кыргыздардын этномаданияты Чыгыш цивилизациясынын маданий баалуулуктарына кирсе да, кыргыздар коңшу элдер менен активдүү алакада болуп, алардын маданиятын өзүнүкүнө жуурулуштуруп, эч бир элге окшобогон уникалдуу этникалык аң-сезимге, иденттүүлүккө, кулк-мүнөзго, менталдуулукка, маданиятка, көчмөндөргө мүнөздүү кайталангыс архетипке, баалуулук системасына, чарба жүргүзүү ыкмаларына ээ экендиги философиялык адабиятта . кыргызстандык изилдоочүлор тарабынан илимий анализдерге тартылган. Ошондой болсо да, 20 кылымдан ашуун тарыхый өнүгүүгө ээ кыргыз этносунун маданиятына зор таасир көрсотүп жаткан ааламдашуу процесстеринин тигил же бул өңүттөрүн анализге тарткан бир

катар илимий жана башка мүнөздөгү эмгектердин ичинен постсоветтик мезгил аралыгында бүгүнкү күндө дүйнөнүн ар кыл мамлекеттеринде жүргөн кыргыздар менен кыргыз улутундагы мигранттарынын этномаданиятына комплекстүү илимий анализ берген бир да эмгекти бөлүп көрсотүү азырынча мүмкүн эмес. Бул багытта ааламдашуунун (глобализациянын) шарттарында исламды модернизациялоо маселелерин талдоого алган Т. Ч. Абдылдаева, Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы Чыгыш-Батыш маданияттарынын диалогу проблемасын изилдөө аркылуу маргинализм түшүнүгүнө токтолгон Д. К. Шакированын жана Кыргыз Республикасындагы түрк-месхетин диаспорасынын этникалык маданиятын анализдеген М. Дж. Гусейнованын эмгектери бир кыйла айырмаланып турат. Ал эмиОрто Азия мамлекеттеринде бул тема боюнча жүргүзүлгөн эмгектерге токтолгон жокпуз.

**Имангожоев Т. А.:** ***Маргиналдар деген кимдер?***

**Изденүүчү:** Илимий адабиятта «маргинал», «маргиналдуу маданият», «маргиналдуу инсан» түшүнүктөрү менен аларга берилген аныктамалар кездешет Аталган булакка таянуу менен бул түшүнүктордү төмөнкүчө аныктоого болот:

1. Маргинал – (французчадан marginal – кошумча нерсе, артык баш нерсе, чеке-белде калган жазуу):

- бул мурдагы социалдык байланыш-тардан ажырап, бирок, жашоо-тиричиликтин жаңы шарттарына көнө албай, кандайдыр бир социалдык топтордун ортосунда, арасында калган адам (мисалы, эмигранттар);
- коомдун чеке-белинде калган адам (мисалы, люмпен, селсаяк, бомж)

2. Маргиналдуу инсан – бул эки ар кыл элдердин маданиятынын, жашоо-тиричилигинин жана каада-салттарынын ортосунда жашаган, аларга аң-сезимдүү түрдө аралашкан адам. Мындай адам берилген мүмкүнчүлүктордүн болгондугуна карабастан эч качан озүнүн өткөн тарыхы менен каада-салттарынан кол жууй албайт, ошол эле учурда ал озү азыр татыктуу орунду ээлөөгө тырышып жаткан жаңы коомго да оз башын толук

кандуу батыра албайт. Бул бири бири менен эч качан жуурулушпаган эки маданият менен эки коомдун ортосундагы ара жолдуу жагдайда калган инсан болуп саналат. Маргиналдуу инсан калктын миграциясы сыяктуу адамды кандайдыр бир маданиятты таштоого, өзү үчүн чоочун болуп саналган маданий баалуулуктарды, социалдык ролдорду, жашоо образын өздоштүрүүгө мажбурлаган ар кыл процесстердин натыйжасы же өндүрмөсү (продуктысы) болуп саналат.

**Асанбеков Н.К.:** ***Кайсы төңкөрүштө маргиналдуулукту пайдаланышкан?***

**Изденүүчү:** Тарыхка кайрылсак, Октябрь социалисттик революциясынын мезгилинде,андан кийин кечээ жакында эле болуп өткон 2005-жылкы биздин Кыргызстандагы тоңкөрүштөрдо да бийлик төбөлдөрү маргиналдарды б.а.үй-жайы, жумушу,жашаган жери жок адамдарды пайдаланышкан.

**Турукманов К.Т.:**

***Этномаданият менен этноцивилизациянын айырмасы кайсы?***

**Изденүүчү:**Этномаданият бул улуттун материалдык, руханий жана социалдык ишмердүүлүгүндөгү эзелтен калыптанган жана коомдун озгорүшү менен кошо дайыма осүп-өнүгүп турган улуттук жүрүм турум озгочөлүкторүнүн, мамилелеринин жана баалуулуктарынын жыйындысы. Ал өзүно бир канча элементтерди камтыйт, атап айтсак, тил, территория, улуттук психология, үрп-адаттар, адеп-ахлак ж.б.

Этноцивилизация болсо улуттун маданиятынын мезгил талабына ылайык өзгорүп, жацыланып же салттуу этникалыктан цивилизацияга карай багыт алуусу. Илимий адабиятта "цивилизация" жана "маданият түшүнүктөрү тең маанилеш, синоним түшүнүктор катары кабыл алынса да, алардын ортосунда айырма бар. Айтсак, заманбап цивилизация Батыш Европасына да, АКШга да, Японияга да мүнөздүү болсо да, алар бири биринен маданиятынын өзгөчөлүктөрү менен айырмаланыш

**Ибраев К.Ш.:** Эгер суроолор берилип бүткөн болсо, анда талкууга өтсөк.

**Чыгып сүйлөгөндөр:**

**Абдылдаева Т.Ч.– философия илимдерин кандидаты, доцент:**

Изилденип талкууга коюлуп жаткан эмгек философиялык аспектте алгачкылардан болуп изилденип жатат. Батыш саясат таануусунда ааламдашып бара жаткан дүйнөдөгү чыңалуунун фундаменталдуу булагы болуп идеологиялык же экономикалык эмес, дал ушул маданий мүнөздөгү факторлор эсептелет. Чындыгында эле, глобалдык масштабдагы маанилүү жаңжалдардын кыйла бөлүгү бири биринен маданияты менен кескин айырмаланган топтор же социумдар ортосунда пайда болууда.

Бүгүнкү күндө дүйнөлүк саясий процесстерде, этностор аралык жана маданияттар аралык мамилелерде болуп жаткан терең өзгөрүүлор заманбап дүйнөдөгү этностор ортосундагы мамиленин жаңы кырлары менен оңүттөрүн изилдөөнү талап кылат. Ушул жана башка койгөйлөр диссертантты да чоң жоопкерчиликке үндойт. Бул ишти коргоого толугу менен сунуштасак болот.

**Артыкбаев М.Т. – философия илимдеринин кандидаты, профессор:**

Ар кыл объективдүү жана субъективдүү факторлордун таасири астында кыргыздар XX жана XXI кылымдарда ири масштабдагы миграциянын таасирине чалдыгып, дүйнө өлкөлөрүнө чачырап, дисперсия жана диаспора формасында өнүгүүгө мажбур болгон. Бүгүнкү күндө дүйнөлүк саясий процесстерде, этностор аралык жана маданияттар аралык мамилелерде болуп жаткан терең өзгөрүүлөр заманбап дүйнодөгү этностор ортосундагы мамиленин жаңы кырлары менен өңүтторүн изилдөөнү талап кылат. Этномаданий маргиналдуулук проблемасын изилдоонүн проблемалары бүгүнкү күндө бышып жетилип чечүү зарылдыгы астында турат.

З.Калмаматованын диссертациясы мезгил талабына ылайык жазылган

илимий иштерден болуп саналат. Ошондуктан мен бул диссертацияны коргоого сунуш кылам.

**Асанбеков Н.К. – философия илимдерин кандидаты, доцент:**

Мен да жогорудагы ой - пикирлерди колдойм жана диссертациядагы айрым бир маселелер боюнча токтолуп отөйүн. Албетте, европалык окумуштуулар социологдор кыргыз элин жана маданияттын артта калган же болбосо өнүкпөгөн деген бүтүмдөрдү да чыгарып келишкени бизге жат эмес. 20 кылымдан ашуун тарыхый өнүгүүгө ээ кыргыз этносунун маданиятына зор таасир көрсөтүп жаткан ааламдашуу процесстеринин тигил же бул оңүттөрүн анализге тарткан бир катар илимий жана башка мүнөздөгү эмгектердин ичинен постсоветтик мезгил аралыгында бүгүнкү күндө дүйнөнүн ар кыл мамлекеттеринде жүргөн кыргыздар менен кыргыз улутундагы мигранттарынын этномаданиятына комплекстүү илимий анализ берген бир да эмгекти бөлүп көрсөтүү азырынча мүмкүн эмес.

Биздин эл, илимий тастыкталган коз карашын билдирүүгө дарамети жетет. Диссертант мындай проблеманы чечүү максатында “Батыш - Чыгыш” ренессанстарынын өзгөчөлүктөрүн илимий түрдо негиздеген маселелерге кеңири кайрылган. Бул диссертация УАКтын жоболоруна толук жооп бергендиктен, мен бул диссертацияны коргоо үчүн негиз бар деп айтаар элем.

**Турукманов К.Т. - улук окутуучу:**

Бул диссертациялык иштин темасы да туура тандалып алынган. Ал эми мазмуну болсо жалпылыктан жекеликке карай түзүлгөн. Ошону менен катар бул маселе боюнча жазылган XX-XXI кылымдагы философторунун эмгектери талдоого алынган. Илимий иште элибиздин дүйно карашы жөнүндө айтылып, көчмөн кыргыз элине мүнөздү жактары баса белгиленген.

Иштин жүрүшүндө темага тиешелүү болгон окумуштуулардын ар кандай карама - каршы пикирлерине диссертант өз пикирин билдирүү менен философиялык, коомдук этикалык жана эстетикалык коз караштарга илимий концептуалдуу анализ жасайт. Кыскасын айтканда, диссертация отө илимий

ынтаа менен жазылган, ошого карабай айрым жерлерде кайталоолор жана стилистикалык мүчүлүштүктор бар. Мен иштитолугумененкоргоогосунуштайм.

**Апсаматова Э.Д.–философия илимдерин кандидаты, улук окутуучу:**

Изилденип талкууга коюлуп жаткан эмгек философиялык аспектте алгачкылардан болуп изилденип жатат. Батыш саясат таануусунда ааламдашып бара жаткан дүйнөдөгү чыңалуунун фундаменталдуу булагы болуп идеологиялык же экономикалык эмес, дал ушул маданий мүнөздөгү факторлор эсептелет. Чындыгында эле, глобалдык масштабдагы маанилүү жаңжалдардын кыйла бөлүгү бири биринен маданияты менен кескин айырмаланган топтор же социумдар ортосунда пайда болууда.

Бүгүнкү күндо дүйнөлүк саясий процесстерде, этностор аралык жана маданияттар аралык мамилелерде болуп жаткан терең өзгөрүүлөр заманбап дүйнодогү этностор ортосундагы мамиленин жаңы кырлары менен оңүттөрүн изилдөөнү талап кылат. Ушул жана башка көйгөйлөр диссертантты да чоң жоопкерчиликке үндөйт. Бул ишти коргоого толугу менен сунуштасак болот.

**Айтбаев Абдимиталип — философия илимдеринин доктору, профессор:**

З.Калмаматованын диссертациясынын темасы бүгүнкү күндүн актуалдуу маселелеринин бири. Анткени, Советтер Союзу таркагандан кийин анын курамына кирген коптогөн улуттар бул проблемага туш болушту. Ар кайсы мамлекеттерде эмгек мигранты болуп жүргон кыргыз диаспорасынын окүлдөрүнүн маргиналдуу абалынын айрым көйгөйлору менен аларды чечүүнүн жолдору илимий анализге тартылган. Муну чечүүнүн жолдорун изилдеген эмгектер Кыргызстанда гана эмес Орто Азияда да жокко эсе. Айта кетчү нерсе корутундуну иштин максатына, милдеттерине, структурасына ылайык карап чыгуу зарыл.

Диссертант бул маселени философиялык аспектте алгачкылардан болуп изилдеп отурат. З.Калмаматованын диссертациялык ишин коргоого сунуш этүүгө болот.

**Ибраев К.Ш.:** Талкуулоону токтотолу.

**Калмаматова З.А.:** Урматтуу кесиптештер! Менин диссертациямды талкуулоо учурунда берилген баалуу пикирлер жана сунуштар учун сиздерге тере ыраазычылыгымды билдирем. Мен да негизинен аитылган ой пикирлер, сунуштар жана сын пикирлер менен макулмун жана мумкун болушунча кийинки илимий ишмердигимде эске алганга аракет кылам.

**Ибраев К.Ш.:** Анда эмесе колго салалы. Ким бул сунушка макул болгон жолдоштор кол көтөрүп койгула.

Макул -14.

Каршы - жок

Калыс - жок.

**Ибраев К.Ш.:** Кафедра төмөндогүдөй жыйынтыкка келди: Талкуулаган изденүүчү Калмаматова Замира Абдырахмановнанын " Ааламдашуу шарттарында кыргыздардын этномаданиятындагы маргиналдуулук феномени" аттуу диссертациялык иши деген темадагы диссертациялык ишин жогорудагы аитылган сын-пикирлерди эске алуу менен адистештирилген диссертациялык кенеште коргоого сунуш кылабыз.

З.Калмаматованын диссертациясын талкуулого катышкан кеңешменин мүчолорүнүн ачык добуш берүүлөрүнүн негизинде төмонкүлор белгиленди:

***I. Диссертациянын темасын актуалдуулугу жана анын жогорку окуу жайларындагы, илим-изилдөө мекемелериндеги негизги илимий иштердин планы менен болгон байланышы.***

Изилдөөнүн актуалдуулугу XX кылымдын аягында адамзаттын этномаданий өнүгүү процессиндеги отө татаал социалдык проблемаларды чечүү зарылдыгы менен шартталган. Буга чейин адам баласы бүгүнкүдөй болуп бүткүл дүйнөдө болуп жаткан глобалдык процесстерге мынчалык тереӊ жана ар тараптуу тартылган эмес. Дүйнө элдери менен ар кыл

мамлекеттердин ортосундагы өз ара алаканын күчөшү, маданияттар ортосундагы пикир алышуунун мурда кийин болуп көрбогондөй кеңири кулач жайышы, заманбап дүйнөдөгү миграциялык агымдардын бир кыйла осүшү ар кыл этномаданий чөйрөгө таандык адамдын болмушун коомдук жашоо-тиричиликтин алдыңкы планына алып чыгууда.

Этномаданияттагы маргиналдуулук проблемасы Көз каранды эмес Мамлекеттердин Шериктештиги (КМШ) үчүн өзгочө маанилүү. Анткени, биринчиден, СССР кулагандан кийин миллиондогон адамдар өздөрүнүн этноулуттук түзүмү жайгашкан аймактардан сырткары жерлерде калып, оз укуктары жетишээрлик деңгээлде корголбогон этникалык азчылыктарга айланган. Мындай жагдайда этномаданий маргиналдардын проблемасын изилдөө алардын жүрүм-турумун түшүнүү жана прогноздоо, о.э. ылайыктуу саясатты иштеп чыгуу үчүн пайдалуу боло алат.

Экинчиден, мурунку СССРге кирген мамлекеттердеги жалпы социалдык-экономикалык жана социалдык-саясий жагдайлардын начарлашы, калктын жашоо-тиричилигинин деңгээлинин этностор ортосундагы жаңжалдар жана кылмыштуулуктун өсүшү менен байланыштуу төмөндөшү постсоветтик жарандардын эмиграциясынын ири агымынын болушун шарттаган. Берилген диссертациялык иште дал ушул адамдардын жашоо-тиричилигинде пайда болгон айрым бир өзөктүү проблемалар каралмакчы.

***II. Диссертацияда чагылдырылган илимий жыйынтыктарды чыгарууда автордун конкреттүү жеке катышы.***

З.Калмаматованын изилдөө иши философиянын классиктеринин эмгектерин терең талдап, анын маңызын окуп өздөштүрүүнүн жана кеңири пайдалануунун негизинде аткарылган коп жылдык иликтөөнүн жыйындысы болуп эсептелет. Изилдөөдө автор кыргыз жана чет элдик тарыхий философиялык адабияттарга кеңири токтолгон. Бул илимий эмгек оригиналдуу философиялык материалдарда аткарылган жана жоболорго ылайык милдеттерди чечүүдө оз алдынчалыгы менен мүнөздөлөт.

***III. Диссертацияда көрсөтүлгөн жыйынтыктардын, илимий сунуштардын негизделүү деңгээли.***

Автор диссертациялык ишинде советтик, постсоветтик

республикалардын жана чет өлкөлүк изилдөөчүлөрдүн эмгектерине таянуу менен маргиналдуулук жеке адам мейкиндик-убакыттык локализациядагы кандайдыр бир доордогу этникалык, экономикалык, социалдык жана маданий мамилелердин персонификациясы болуп калган коомдук өнүгүүдөгү объективдүү карама каршылыктардын кесепети жана натыйжасы болуп саналаары, орусташтыруу саясаты орусиялык бийликти борборлоштурууга, жергиликтүү дөөлөттөр (привилегиялар) менен орустар үчүн аномалия болуп саналгандардын баардыгын четке кагууга мүмкүндүк бергендиги, русификация Орусия империясынын бийлигинин саясатына тике киргендиги, русификация Орусия империясынын бардык элдерине алар Орусияга, анын өткон тарыхына, анын каада-салттарына таандык болуу сезимин таңуулоо максатын да көздөгөндүгү, ошону менен катар эле бир катар русификация саясаты лингвоцид катары да кароого болоору, глобалисттердин ишмердигинин натыйжасында пайда болгон Кыргызстандагы калктын социалдык жана экономикалык стратификациясындагы мындай трансформациялар

1) соодадан алыс көчмөн элдин урпактарынын массалык түрдө кызылкулаксоодагерге айлануусу,

2) элеттен шаарга көчүп келип, элет менен шаардын ортосундагы маданий ара жолдо калган калк,

3) чыныгы интеллигенттердин ордун басып калган люмпен-интеллигенция,

4) диний маргинализм

5) бомж деп аталган маргиналдуу субмаданияттарды жаратхандыгы тууралуу маанилүү корутундуларды жасаган.

Диссертациялык иште чагылдырылган теориялык жоболор жана сунуштар өзүнүн логикалуулугу жана аргументүүлүгү менен айырмаланат. Изилдөөнүн материалдары илимий-теориялык конференцияларда, массалык маалымат каражаттарында апробацияланган. Темага байланышкан 12ден ашык макала басылып чыккан.

***IV. Диссертациянын илимий жаңылыгынын деңгээли.***

Иштин илимий жаңылыгы төмөнкү жагдайлар менен шартталган:

1. Кыргыздардын этномаданиятындагы маргиналдуулук феномени социалдык-философиялык жана тарыхый-маданият таануучулук өңүттө комплекстүү изилдөөгө тартылды;
2. Кыргыздардын этномаданиятындагы архетиптер, стереотиптер жана неотинтерди изилдөонүн негизинде салттуу маданиятка таандык инсанды маргиналдуу абалга өткөргөн факторлор аныкталды;
3. Ааламдашуу шарттарында кыргыздардын материалдык жана руханий маданиятында жаңы пайда болгон маргиналдуулуктун айрым формалары тастыкталды жана илимий деңгээлде сынатталды;
4. Ар кайсы мамлекеттерде эмгек мигранты болуп жүргөн кыргыз диаспорасынын өкүлдөрүнүн маргиналдуу абалынын айрым көйгөйлөрү менен аларды чечүүнүн жолдору илимий анализге тартылды.

***V. Алынган жыйынтыктарды колдонуу жөнүндө сунуштар.***

Диссертациянын жыйынтыктары диссертант тарабынан сунуш кылынган теориялык жоболор менен корутундулар социалдык философия, социология, саясат таануу (политология) жана маданият таануу (культурология), дүйнөлүк саясий процесстин теориялары, о.э. этностун теориясы жана инсандын теориясы менен байланышкан атайы курстар боюнча дарс окуу, окуу куралдарын даярдоо ишиндеколдонулушу мүмкүн.

**VI. Диссертациялык иштеги айрым мүчүлүштүктөр:**

1) Маргиналдуулуктун кыргыз этномаданиятындагы өзгөчөлүктөрүн тереңирээк ачып берүү иштин натыйжалуулугун жогорулатмак.

2) Экинчи баптын үчүнчү параграфында өлкөбүздөгү маргиналдуулукту азайтуу,проблемаларды чечүү боюнча конкреттүү сунуштар берилиши максатка ылайыктуу болмок.

Бирок бул мүчүлүштүктөр диссертациянын илимий деңгээлин төмөндөтпөйт.

***VII. Изилдөөчүнүн илимий даярдыгын жана коомдук саясий***

***ишмердуулугун эске алып, диссертацияны жактоого (коргоого) сунуштоо.***

Диссертациянын мазмуну төмөнкүлөрдү көрсөттү: диссертация жетишээрлик теориялык деңгээлде жазылган жана автордун илимий даярдыгын далилдейт. Диссертант проблеманын маңызын терең түшүнүп, тарыхый-философиялык материалдарды комплекстүү анализдей алган илимий жыйынтыктарды негиздеген.

***Кеңешме чечим кылат:***

1. З.Калмаматованын "Ааламдашуу шарттарында кыргыздардын этномаданиятындагы маргиналдуулук феномени " аттуу диссертациясы кандидаттык диссертацияга коюлган бардык талаптарга жооп берет деп эсептелсин.
2. КУУнун философия жана илимдин методологиясы кафедрасынын мүчөлөрү диссертантты жондомдүү адис, изилдөөчү катары санап, анын илимий даярдыгын эске алып, 09.00.11. –саясий философия боюнча философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасы үчүн изилденип жазылган "Ааламдашуу шарттарында кыргыздардын этномаданиятындагы маргиналдуулук феномени" аттуу диссертациясын коргоого сунуштайт.

***Негизги илимий жыйынтыктар чыгылдырылган эмгектер жана алардын жеткиликтүүлүгү жөнүндө корутунду.***

Диссертациянын негизги мазмуну төмөнкү эмгектерде толук чагылдырылган:

1. Калмаматова З.А. Этнопедагогика-педагогика илиминин бир тармагы.[Текст] / Калмаматова З.А. Субанов К.//И.Арабаев атындагы КМУнун жарчысы.- Бишкек,2011.-№3.2.-218-220 б.

2. Калмаматова З.А. Субанов К. Семья как важный фактор формирования современной личности человека .[Текст] /Калмаматова З.А. Субанов К. // Философский альманах. Современность: мир мнений.- Алматы, 2011.-№3.-С.105-110.

3. Калмаматова З. А. “Манас” эпосу Б.Солтоноевдин изилдөөсүндө.[Текст] / Калмаматова З.А.//ОшМУнун жарчысы .- Ош,2012.- Атайын чыгарылышы.- С.80-83

4. Калмаматова З. А. Этномаданий маргиналдуулук түшүнүгүнүн маңызы жана мазмуну.[Текст] / Калмаматова З.А.//ОшМУнун жарчысы .- Ош,2014.- №2-116-118 б.

5.Калмаматова З. А. Маргиналдар-тарыхый өнүгүүнүн маанилүү фактору.[Текст] / Калмаматова З.А. //ОшМУнун жарчысы. -Ош,2014. -№2.- 114-116 б.

6. Калмаматова З. А. Кыргыздардын этномаданиятындагы архетиптер.[Текст] / Калмаматова З.А.// И.Арабаев атындагы КМУнун жарчысы .-Бишкек,2014.- №1.-116-119 б.

7. Калмаматова З. А. Кыргыздардын этномаданиятындагы стереотиптер.[Текст] / Калмаматова З.А. // И.Арабаев атындагы КМУнун жарчысы .-Бишкек,2012.№1.-119-122 б.

8. Калмаматова З. А. Русификация феномени жана кыргыздардын этномаданиятын орусташтыруунун негизги методдору.[Текст] / Калмаматова З.А. // Гуманитарные вопросы современности. ИФППИ НАН КР.- Бишкек, 2014.- №19.-33-37 б.

9. Калмаматова З. А. Кыргыздардын этномаданиятындагы совет бийлигинин орусташтыруу саясаты менен байланышкан неотиптер.[Текст] / Калмаматова З.А. // Гуманитарные вопросы современности. №19. ИФППИ НАН КР.- Бишкек, 2014.

10. Калмаматова З.А. Философия природы и человека в трудах античных философов в героическом эпосе “Манас” .[Текст] / Калмаматова З.А.//Высшая школа Казахстана.-Алматы,2014.-№1.-С.148-151.

11.Калмаматова З.А. Влияние политики русификации в СССР на этнокультуру кыргызов .[Текст] / Калмаматова З.А. // Молодой ученый. – Казань ,2016.- №19.-С.626-629

12.Калмаматова З. А.Факторы,порождающие этнокультурную маргинальность в условиях глобализации .[Текст] / Калмаматова З.А. // Молодой ученый . -Казань ,2016.- №19.-С.623-626

***Диссертациянын темасы менен байланышкан илим-изилдөө иштеринин аталышы (мамлекеттик каттоо номери менен)***

З.Калмаматова аткарган дисссертациялык иш КУУнун философия жана методология кафедрасынын темасы менен тыгыз байланышкан (мамлекеттик каттоо номери 0000012).

**Кеңешменин төрагасы**

Философия жана илимдин методологиясы кафедрасынын философия илимдеринин кандидаты,профессордун м.а. **Ибраев К.Ш.:**

**Кеңешменин катчысы** **Урумкулова Н.Т.**